# Үч түрдүү адамдан калем көтөрүлгөн (б.а. күнөө жазылбайт): уктап жаткан киши ойгонгонго чейин. Жаш бала балакат курагына жеткенге чейин. Акылынан айныган адам акылына келгенге чейин

Али (ага Аллах ыраазы болсун) айтат: Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Үч түрдүү адамдан калем көтөрүлгөн (б.а. күнөө жазылбайт): уктап жаткан киши ойгонгонго чейин. Жаш бала балакат курагына жеткенге чейин. Акылынан айныган адам акылына келгенге чейин".
[Сахих (ишенимдүү)] [Абу Дауд, ат-Тирмизи, ан-Насааи "Ал-Кубро" китебинде жазып калтырган жана Ибн Маажа менен Ахмад да жазып калтырган]

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) төмөнкү үч түрдүү адамдан башкаларына жоопкерчилик жүктөлөрүн айткан: Жаш бала чоңоюп, балакат курагына жеткенге чейин. Акылынан айнып жинди болуп калган адам кайра акылына келгенге чейин. Уктап жаткан адам ойгонгонго чейин. Булардан жоопкерчилик алынган. Булардын кылган күнөөсү жазылбайт. Бирок жаш баланын жакшы иштеринин сообу жазылат. Жинди болгон адам менен уктап жаткан адамга жакшы иштеринин сообу да жазылбайт. Анткени, өздөрү эмне кылып жатканын билбегендиктен, алар ибадаттары кабыл болбой турган адамдар болуп эсептелет.



النجاة الخيرية
ALNAJAT CHARITY
لجنة الدعوة الإلكترونية
EDC E-Da'wah Committee